ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

ЖАЛПЫ ФИЗИКА ЖАНА ФОУ КАФЕДРАСЫ

# ПРОТОКОЛ №2

Өткөрүлгөн күнү: 18.02.2026

Катышкандар: 4 окутуучу

## КҮН ТАРТИБИ:

1. ***”Физика курсу – физикалык теориялардын системасы”*** дисциплинасы боюнча *“Физика курсун окутууда физикалык чоңдуктардын аналогиялык таблицаларын пайдалануунун методикасы”* темасында өткөн ачык лекциялык сабакты талкулоо.

## УГУЛДУ:

Кафедра башчысы М.Ж. Калбекова ачык сабак тууралуу маалымат берип, сабак жогорку деңгээлде уюштурулуп, теманын максаты туура коюлганы белгиледи. Сабактын темасы бүгүнкү күндө физика курсун окутууда актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелерин, айрыкча магистранттардын теориялык билимдерин системалаштырууда жана ар түрдүү физикалык бөлүмдөрдүн ортосундагы ички байланыштарды ачып көрсөтүүдө аналогиялык таблицалар натыйжалуу ыкма экенин баса белгиледи.

Ал окутуучу теманы логикалык ырааттуулукта түзүп, максатмилдеттерин так аныктаганын айтты. Сабактын структурасы талапка ылайык сакталганын жана убакыт туура пландалганын белгиледи. Материал илимий негизде берилип, Формулалар паралелдүү салыштыруу аркылуу түшүндүрүлгөнү магистранттардын аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөнүн кошумчалады.

## СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:

1. Кафедранын окутуучусу Молдоярова Ж.Б. Ачык сабактын мазмуну илимий жактан негиздүү жана методикалык жактан туура туура түзүлгөнүн белгиледи. Студенттер активдүү катышып, суроолорго жооп беришти.
2. Кафедранын окутуучусу Макамбаева Ж.А. Сабакта интерактивдүү ыкмалар натыйжалуу колдонулганын белгиледи. Механика менен электр кубулуштарынын салыштырма талдоосу ийгиликтүү болгонун айтты.
3. Кафедранын окутуучусу Бекжан кызы Г. Презентациялык материалдардын сапаты жакшы экенин аналогиялык метод

магистранттардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөнүн белгиледи.

**СУНУШ:**

1. Аналогиялык таблицалардын санын көбөйтүү жана методикалык колдонмо даярдоо.
2. Практикалык сабактарда дагы ушул методду колдонуу жана жайылтуу.

**ЧЕЧИМ:**

1. Ачык лекциялык сабак жогорку илимий- методикалык деңгээлде өткөрүлдү деп табылсын.
2. Окутуучунун иш-тажырыйбасы кафедранын усулдук жыйынында жайылтылсын.
3. Аналогиялык таблицаларды колдонуу методикасы окуу процессине сунушталсын.

Төрайым: Калбекова М.Ж.

Катчы: Бекжан кызы Г.